**Кыргыз Республикасынын Президенти**

**Улуу Урматтуу Алмазбек Атамбаевтин сөзу**

Кымбаттуу кесиптештер,

Биздин тарыхыбыз бир, кудай буюрса, келечегибиз да бир болот. Өткөн жылы Нурсултан Абишевич Назарбаев Бишкек Саммиттинде темир жол куруу идеясын колдой турганын айткан эле. Ал аны бүгүн да айтып отурат. Эгер биз бул идеяны ишке ашырсак, абдан жакшы иш жасаган болобуз. Анткени бул темир жол Орто Азияны Азербайжан жана Түркия менен байланыштыруучу жол болот. Ошол эле учурда бул жол Түркиядан чыгып, Азербайжан, Казакстан жана Кыргызстандын территориясы аркылуу өтүп, андан ары Кытайдагы Кашгарга чейин жетмекчи. Бул жол ал жерде жашаган көптөгөн казактар менен кыргыздар үчүн да өтө ыңгайлуу болор эле.

Бул долбоордун ишке ашыруусу биздин элдердин ортосундагы кызматташтыктын да артышына себеп болот. Эгер биз бул сыяктуу долбоорлорду ишке ашыра турган болсок, анда келечекте биздин биримдигибиз мындан да артары анык. Эгер биз бул жолду куруп алсак, өлкөлөрүбүз бири-бирине дагы жакыныраак болуп, жаркын келечегибиз да бир болот.

Менин оюмча, аягына чыгарылбаган көптөгөн долбоорлордун үстүндө иштөөнүн ордуна, чакан да болсо, маанилүү, ишке ашырылышы реалдуу болгон долбоорлордун үстүндө иштеген жакшы. Андыктан, эгер биз бул долбоорду ишке ашыруу үчүн бардык күчүбүздү жумшасак, анда жалпы келечегибиз үчүн чоң иш жасаган болобуз.

Жогоруда Нурсултан Абишевич акасакал катары көптөгөн маанилүү маселелерден сөз кылды. Мен анын сөзүнө толук кошулам жана аларды кайталап отуруунун кажети жок деп ойлойм. Мен, биз болобузбу же биздин балдарыбыз болобу, айтор, бир күнү биз бири-бирибизди котормоосуз түшүнө турган күн келет деген үмүттөмүн.

Менин оюмча, биз бүгүн куруп жаткан түрк тилдүү өлкөлөрдүн биримдиги келечекте сөзсүз олуттуу натыйжасын берет. Биз, түрк тилдүү өлкөлөр, бүгүн дүйнөлүк экономиканын өнүгүшүндө көрүнүктүү орун алган Түркия, Казакстан жана Азербайжан менен сыймыктанабыз. Сиздердин өлкөңүздөр көптөгөн чоң ийгиликтерге жетти. Биз сиздердин бул жетишкендиктериңиздерди сыймыктануу менен кабыл алабыз. Сиздер жетектеген өлкөлөрдүн гүлдөп-өсүшүн, өнүгүшүн, жана келечекте дагы көптөгөн ийгиликтерге жетишин каалайм.

Келечекте биз учурда сөз кылып жаткан темир жол долбоору сыяктуу мыкты долбоорлордун толук ишке ашырыла турганына толук ишенебиз.

Көңүл бурганыңыздар үчүн бардыгыңыздарга чоң рахмат.

Жараткан баарыбызга жар болсун!